КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын
III-кезексиз сессиясынын
Токтому №6/2

2025-жылдын 4-июну — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы №4103 "Кызарт" жана №4104 "Жаны-Арык"шайлоо участкаларынын чегине өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Өмүр уулу Абик, С.Мамбеталиев, Эсенкожо жана Т.Султанкадыров көчөлөрүнүн тургундарынын кайрылуусун карап жана талкуулап, шайлоочулардын ыңгайлуугун көздөө максатында Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы №4103 "Кызарт" шайлоо участкасынын чегиндеги Өмүр уулу Абик, С.Мамбеталиев, Эсенкожо жана Т.Султанкадыров (мурдагы гараждын ичи) көчөлөрү толугу менен №4104 "Жаны-Арык" шайлоо участкасынын чегине кошулсун;

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Борбордук Шайлоо комиссиясын жиберилсин;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

Төрага: — Уланбек уулу Жыргалбек